| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА |
|---|---|---|
| ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>ПАНФИЛОВ РАЙОНУ<br>КУРАМА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КУРАМА |

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

"28" июль 2026-жылдагы №31 Панфилов айылы

## Курама айыл аймагына караштуу Жайылма айылындагы Ак жол көчөсүнө (маркум) Токтоналы Сейталиевдин ысымын ыйгаруу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34 жана 39-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-мартындагы №149 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Административдик-аймактык түзүлүш жана географиялык аталыштар маселелерин кароо боюнча ведомстволор аралык комиссиянын иши жөнүндө" токтомуна, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 6-майындагы №244 "Кыргыз Республикасынын көрүнүктүү ишмерлеринин элесин түбөлүккө калтыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин алдындагы комиссия жөнүндө" токтомуна ылайык, Жайылма айылынын Ак жол көчөсүнүн жашоочуларынын 2026-жылдын 17-июлундагы жалпы чогулушунун №1 протоколун карап чыгып, Курама айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Курама айыл аймагына караштуу Жайылма айылындагы Ак жол көчөсүнө Токтоналы Сейталиевдин ысымы ыйгарылсын.
2. Ушул токтомдун негизинде тиешелүү документтерди мамлекеттик каттоо органына жөнөтүү милдети Курама айыл өкмөтүнүн башчысы М.Т.Бейсембаевага жүктөлсүн.
3. Токтоналы Сейталиевдин ысымы ыйгарылган көчөдөгү ар бир үйгө көчөнүн аталышы жана номер тагылган табличкаларды жасатып тагуу балдарына, бир туугандарына жана неберелерине тапшырылат.
4. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана расмий жарыялоо булактарында жарыялансын.
5. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн.

6. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

7. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Курама айылдык кеңешинин туруктуу жер комиссиясына жүктөлсүн.

**Төраганын орун басары** **Д.М.Манамкулов**